КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
КАДАМЖАЙ РАЙОНУ
АК-ТУРПАК АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ АК-ТУРПАКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

Ак-Турпак айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XVI сессиясы

ТОКТОМ

2026-жылдын 23-февралы № 5 Жаңы-Жер айылы

2026-жылга Ак-Турпак айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджети жана 2027-2028-жылдарга болжолдуу долбоору жөнүндө

Ак-Турпак айыл өкмөтүнүн 2026-жылга жергиликтүү бюджети, 2027-2028-жылдарга жергиликтүү бюджеттин болжолдуу долбоору Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексине жана 2025-жылдын 15-январындагы “Кыргыз Республикасынын 2025-жылга жана 2026-2027-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык түзүлүп, айылдык кеңештин Бюджет жана экономика маселелери боюнча туруктуу комиссиясында каралгандыгын эске алуу менен Ак-Турпак айыл өкмөтүнүн башчысынын билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Ак-Турпак айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Ак-Турпак айыл өкмөтүнүн 2026-жылга жергиликтүү бюджетинин кирешелер бөлүгү атайын каражатсыз 63643,4 миң сом өлчөмүндө 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Ак-Турпак айыл өкмөтүнүн 2026-жылга жергиликтүү бюджетинин чыгашалар бөлүгү атайын каражатсыз 63643,4 миң сом өлчөмүндө 2-тиркемеге ылайык бекитилсин.

3. 2027-жылга кирешe жана чыгашалардын болжолдуу долбоору 66604,1 миң сом өлчөмүндө 3-тиркемеге ылайык, 2028-жылга кирешe жана чыгашалардын болжолдуу долбоору 69842,1 миң сом өлчөмүндө 4-тиркемеге ылайык жактырылсын.

4. Чыгымдарды каржылоо биринчи кезекте коргоого алынган беренелер боюнча (эмгек акы, социалдык фондуна чегерүүлөр) жүргүзүлсүн.

5. Чыгашалардын корголгон беренелерге каралган каражаттары штаттык бирдиктер жана нормативдик актылар өзгөргөндө өзгөрүүсү мүмкүн.

6. Ак-Турпак айыл өкмөтүнүн 2026-жылга жергиликтүү бюджети, 2026-жылдын 1-январынан баштап ишке киргизилсин.

7. Ак-Турпак айыл өкмөтүнүн эсептик счетунда 2026-жылдын 1-январына карата калган акча каражаты 4985,4 миң сом өлчөмүндө 5-тиркемеге ылайык бекитилип, айыл өкмөтүнүн аймагындагы социалдык маселелерди жана айыл кыштактардын инфраструктурасын жогорулатуу максатында курулуш иштерине жумшалсын.

8. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңештин Бюджет жана экономика маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айылдык кеңештин төрагасынын орун басары А.Тешебаевага милдеттендирилсин.

Төрага **А. Имаров**

Ак-Турпак айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын 2026-жылдын 23 -февралындагы кезектеги 16-сессиясынын № 5 токтомуна 1 - тиркеме

Ак-Турпак айыл өкмөтүнүн 2026- жылга карата жергиликтуу бюджетинин киреше бөлүмү

№	Кирешелердин аталышы	Эконом статья	Сумма
1	Салык агенти толоочу киреше салыгы	11111100	18623,3
2	Патеттик негиздеги салык	11122300	1 030,4
3	2-топтогу ишкердик иши учун пайдаланылган кыймылсыз мулкко салык	11311200	138,0
4	Короо жанындагы жана бакчалар жер участокторун пайдалануу учун жер салыгы	11321100	987,0
5	Калктуу конуштардын жерлерин жана айыл чарбалык эмес багыттагы жерлерди пайдалануу учун жер салыгы	11321300	3804,4
6	Аки таш, курулуш куму	11462340	21,0
7	Жогоруда классификацияланбаган дагы башка металлдар (Роялти)	11462390	455,0
8	Жер казынасын пайдалануу укугун лицензияны кармоо учун акы	14151200	1924,2
9	Калктуу конуштардын жер ижарасы учун акы	14152100	600,0
10	Жайыт ижарасы учун акы	14152200	445,4
11	Жерлерди кайра болуштуруу фондунун жер ижарасы учун акы	14152600	34536,5
12	Жергиликтүү маанидеги инфратүзүмдү өнүктүрүүгө жана сактоого төлөмдөр	14511400	828,2
13	Айыл чарбасына жараксыз жерлерди сатуудан	31412110	250,0
	Жалпы жергиликтуу салыктар		**63643,4**

Айылдык кеңештин жооптуу катчысы Н.Насибилиев

Ак-Турпак айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын 2026-жылдын 23 -февралындагы кезектеги 16-сессиясынын № 5 токтомуна 2 - тиркеме

Ак-Турпак айыл өкмөтүнүн бюджетинин 2026-жылга чыгашалар бөлүгү

Статья	Корсоткучтор аталышы	Сумма
	Жалпы:	**63643,4**
	Бюджеттик каражаттар эсебинен	**63643,4**
2111	Эмгек акы	**9523,7**
2121	Соц.фондко чегеруу	1292,0
2211	Сапар чыгымдары	378,0
2212	Байланыш кызматы	30,0
2214	Транспорт чыгымдары	1128,4
2215	Ар турдуу кызматтар сатып алуу	4946,9
2222	Турдуу матер-ды жана буюмдарды алууга.	700,0
2224	Комур сатып алуу	151,2
2621	Союз МСУга мучо акы	58,2
2824	Резервдик фонд (1%)	636,4
3112	Машина жана эмеректер	100,0
		18944,8
70111	**Айылдык кенеш болумуно**	
2111	Эмгек акы	524,7
2121	Соц.фондко чегеруу	67,1
2211	Сапар чыгымдары	28,8
		620,6
	Жайыт комитети	**445,4**
2215	Ар турдуу кызматтар сатып алуу	445,4
	Турак-жай коммуналдык чарба	**43632,6**
2215	Ар турдуу кызматтар сатып алуу	7920,0
2222	Кунумдук керектелуучу эмеректер сатып алуу	130,0
3111	Имараттар жана курулмалар	35582,6

Айылдык кеңештин жооптуу катчысы Н.Насибилиев